10 – класс "23" январь 2023 – жыл кыргыз тили сабагы **III чейрек 31 – сабак**

Сабактын темасы : Омонимдер жана алардын түрлөрү

| Сабактын максаты: | **Көрсөткүчтөр :** Жогорудагы максаттар ишке ашат , эгерде окуучу : |
|---|---|
| 1 . Билим берүүчүлүк : Окуучулар омонимдер жана алардын пайда болуу жолдору боюнча түшүнүк алышат . | -алган маалыматтарына таянуу менен , берилген суроолорго так , туура жооп берсе ; |
| 2 .Өнүктүрүүчүлүк : Омонимдер боюнча машыгуучу көнүгүүлөрдү аткаруу менен кеп маданияты калыптанат . | Тема боюнча машыгуучу көнүгүүлөрдү аткара алса ; |
| 3. Тарбия берүүчүлүк : Алган билимдерин турмушта колдоно билүү менен орфографиялык эрежелерге ылайык сабаттуу жазууга багыт алышат . | Өзүнүн оюн эркин айтып , сабаттуу жазып , тема боюнча пикирин далилдей билсе ; |

Сабактын тиби : Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы
Окутуу усулу : интерактивдүү усул
Окуу ресурстары : Маалымат булактары , видео материалдар , таблицалар , слайд
Предмет аралык байланыштар : Кыргыз адабияты жана тарых предметтери

Сабактын жүрүшү : **1. Уюштуруу учуру *( 3 мүнөт )***

*Окуучулар менен саламдашып , толуктап , класстын тазалыгын көзөмөлдөө менен сабакка даярдоо . Сабакка жагымдуу маанай түзүү . Алтын эрежени эске алуу .*

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр НК | ПК | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| Үй тапшырмасын текшерүү (5 мүнөт ) | 71 – көнүгүүнү шарты менен жазып келишкендигин айрым окуучуларды окутуу аркылуу текшерүү . | Үй тапшырмасы боюнча жооп беришет | НК-1-2-3 | ПК-1-2-3 | Үй тапшырмасына карата бааланат |
| Өтүлгөн темаларга кайталоо жүргүзүү : *(3 мүнөт )* | Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү жана анын пайда болуу жолдору тууралуу эмнелерди билдиңер ? Адабий тилдин нормаларын сактап сүйлөө жана аларды туура жазуу үчүн кандай негиздерге таянышыбыз керек ? Ташымалдоонун кандай жолдору бар ? Метафоралык жол менен пайда болгон көп маанилүүлүк боюнча оозеки мисалдарды келтиргиле . | Суроолорго оозеки жооп беришет | | | Оозеки жообу бааланат. Кайтарым байланыш |

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү : ( *8 мүнөт* ) | **О м о н и м д е р** – айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок маанилери ар башка сөздөр. Сырткы түзүлүшү боюнча алар көп маанилүү сөздөргө окшош келет, анткени омоним да, полисемия да көп мааниге ээ болуп, тыбыштык түзүлүшү бирдей болот. Эгерде полисемия (көп маанилүүлүк) кубулуштун, заттардын атынын түпкү мааниси бирдей экендигине таянса, омоним сөздөрдүн мааниси бири-бирине окшошпойт. Аны төмөндөгү мисалдар менен далилдөөгө болот.<br>**Жай** *I зат* жаз айларынан кийин келүүчү мезгил, жаз менен күздүн ортосу.<br>**Жай** *II зат* орун, турак, мекен.<br>**Жай** *III тактооч* акырын, шашпай,<br>**Жай** *IV этиш* жазуу, төшөө, жайып коюу, таратуу, маалым кылуу, малды жайытка коё берүү.<br>Бул жердеги **жай** деген сөздүн төрт түрдүү омоним маанилери бири-бирине окшош эмес. Сөз түркүмдөрү боюнча да ар башка. Бул сыяктуу сөздүк маанилер омоним болуп саналат. Эми **жай** деген сөздүн башкача көрүнүшүнө токтолуп көрөлү. | Тема боюнча түшүнүккө ээ болуу менен өз ойлорун эркин билдире алышат | НК-1-2 | | Кайтарым байланыш<br><br>Эң жакшы ! |
| Көнүгүү иштөө : ( *17 мүнөт* ) | 72 – көнүгүү<br>Төмөнкү сөздөрдүн омонимдик маанисин карап , тыбыштык өзгөрүүсүн байкагыла . Маанисине жараша сүйлөмдөрдү түзгүлө .<br>73 – көнүгүү<br>Кыргыз тилинин омонимдер , түшүндүрмө сөздүктөрүнөн сөздөрдүн омоним маанисин дептериңерге көчүрүп жазгыла .<br>74 –көнүгүү<br>Тексттеги сөздөрдүн омоним түгөйлөрүн сөздүктөн таап жазгыла .<br>75 –көнүгүү<br>Ыр саптардагы белгиленген сөздөрдүн өтмө маанилерин тапкыла . | 72-73-74-75-көнүгүүлөрдү аткарышат | | ПК-1-2-3 | Калыптандыруучу баалоо |
| Сабакты бышыктоо: ( *5 мүнөт* ) | Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү кантип пайда болот ?<br>Метафоралык жол менен пайда болгон көп маанилүүлүк боюнча оозеки мисалдарды келтиргиле .<br>Синекдохалык жол менен пайда болгон полисемия боюнча мисалдарды келтиргиле . | Суроолорго активдүүлүк менен жооп беришет. | НК-1-2 | ПК-1-2-3 | <br>Ойлонобуз ! |
| Үйгө тапшырма берүү : ( 2 мүнөт ) | 76 – көнүгүү<br>Төмөндөгү сөздөрдүн маанисин ажыраткыла . Сөздүн кандай маанилерин түзгөндүгүн белгилеп , мисал келтиргиле . | Үй тапшырмасын аткаруу шартын түшүнүшөт | | | Оозеки жообу бааланат |
| ...чулардын билимдерин ...оо : ( 2 мүнөт ) | <u>Окуучуну билим көрсөткүчтөрү аркылуу баалоо :</u><br>- эрежелерди билет;<br>- сабакта үйрөнгөнүн колдоно алат;<br>- көнүгүүлөрдү туура аткарат;<br>- сабакта активдүүлүгүн көрсөтүп , сабаттуу жазат ;<br>- суроолорго так жана туура жооп берет;<br>*Сабакка активдүү катышкан окуучулардын жалпы билимдерин баалап , күндөлүктөрүнө* | Окуучулар ...ндөлүктөрүнө баа койдуртушат . | | | Жалпы билимин эске алуу менен мугалим баалайт . |

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA